
# MENARINI ЖҮРҮМ–ТУРУМ КОДЕКСИ



**Ethical** vision,
**Integrity** in action

MENARINI group





## Киришүү

*"Урматтуу Menarini Group катышуучулары,*

*белгилүү болгондой, биз жогорку сапат стандарттарын карманган жана өз ишин негизги баалуулуктарыбызга, анын ичинде этикалык мамилеге жаа айкындуулукка ылайык жүргүзгөн, үй-бүлөбүз. Ар бирибиз бардык мыйзамдарды жана эрежелерди сактоого, жогорку этикалык стандарттарга ылайык ак ниеттүү аракеттенүүгө милдеттүүбүз. Бул этикалык стандарттар биздин топтун саясаты үчүн негиз болуп саналат, кесиптештер менен өз ара аракеттенүү, өнөктөштөр жана жеткирүүчүлөр менен бизнес жүргүзүү, дүйнө жүзүндө бейтаптарга жана жамааттарга кызмат көрсөтүү үчүн жалпы негизди камсыздайт. Мындан ары да биздин өнөктөштөр үчү ишенимдүү тандоо болуш үчүн сиздерди Жүрүм-турум кодексин толук сактайт деп ишенебиз".*

Elcin Barker Ergun



## 01 ЭТИКАЛЫК ТАНДОО

7 Максат
8 Катышуучулар
8 Биз эмне үчүн иш-аракеттерибизди жөнгө салган принциптер менен эрежелерди белгилейбиз
8 Жетекчиликтин милдеттенмеси жана жоопкерчилиги
9 Жоопкерчилик жана мыйзамдар менен эрежелерди сактоо

## 02 БИЗНЕС ЖҮРГҮЗҮҮДӨГҮ ЧЫНЧЫЛДЫК

11 Паракорчулукка жол берилбестик
13 Саламаттык сактоо кызматкерлери менен өз ара аракеттенүү (HCPs)
14 Илгерилетүү боюнча иш жана илимий алмашуу
14 Белектер, меймандостук белгилер жана байланыштуу чыгымдар
15 Кызыкчылыктар кагылышы
16 Кызыкчылыктар кагылышы
17 Жеткирүүчүлөрдү тандоо жана сатып алуу
18 Атаандаштык жана ак ниеттүүлүк
18 Эл аралык соода

## 03 ЭМГЕКТИ КОРГОО

21 Адам ресурстары
22 Асылууга жана басмырлоого жол берилбестик
23 Адилеттүү мамиле кылуу
23 Курчап турган чөйрөнү коргоо
24 Адам укуктары
25 Кызматкерлердин купуялуулукка укугу
25 Кошуу маданияты
26 Социалдык тармакта жоопкерчиликтүү баарлашуу

## 04 БИЗДИН БЕЙТАПТАРГА КӨҢҮЛ БУРУУ

29 Изилдөөлөрдөгү жана иштеп чыгуулардагы ак ниеттүүлүк
30 Маалыматтарды жарыялоо
30 Биздин өнүмдөрдүн сапаты
31 Бейтаптын коопсуздугу
31 Коопсуздук мониторинги жана отчетуулук
32 Маалыматтардын купуялуулугу





## 05 МААЛЫМАТТАРДЫ КОЛДОНУУДАГЫ ЖАНА АКТИВДЕРДИ КОРГООДОГУ АК НИЕТҮҮЛҮК

35 Бухгалтердик китептер, жазуулар жана финансылык отчёттуулук
35 Интеллектуалдык менчик
36 Купуя маалымат
36 Корпоративдик активдерди коргоо

## 06 КООМ АЛДЫНДАГЫ ЖООПКЕРЧИЛИК

39 Саясый төгүмдөр
39 Кайрымдуулук жана социалдык долбоорлор
40 Бийлик жана мекемелер менен кызматташтык

## 07 ЖҮРҮМ-ТУРУМ КОДЕКСИН БУЗУУЛАР ЖӨНҮНДӨ БИЛДИРҮҮ (КОРПОРАТИВДИК МААЛЫМДООО САЯСАТЫ)

43 Маалымдоо
45 Тартипке чакыруу чарасы
45 Өч алуудан коргоо

## 08 БАЙЛАНЫШ МААЛЫМАТ

47 Байланыш маалымат

# 01

# ЭТИКАЛЫК ТАНДОО



Максат

Катышуучулар

Эмне үчүн биз иш-аракеттерибизди жөнгө салган принциптерди жана эрежелерди белгилейбиз

Жетекчиликтин милдети жана жоопкерчилиги

Жоопкерчилик жана мыйзамдар менен эрежелерди сактоо





## Максат

Menarini Group этикалык стандарттарды, мыйзамдарды жана эрежелерди сактоо кепилдиктерин жайылтуу, талаптагыдай эмес же мыйзамсыз жүрүм-турум жөнүндө маалыматты берүү үчүн өзүбүздүн Жүрүм-турум кодексибизди (мындан ары – «Кодекс») кабыл алдык. Menarini тобуна кирген компаниялар өз эрки менен кабыл алган кодекс биздин кызматкерлерге, бейтаптарга, ишкер өнөктөштөргө жана жалпысынан коомго (б.а. кызыкдар тараптарга) жактоочулугубуздун конкреттүү далили катары оң жүрүм-турум принциптерин жана эрежелерин белгилейт. Ар бирибиз үчүн бул Кодекс ак ниеттүү аракеттенүү үчүн негизги колдонмо болуп саналат. Англис тилиндеги версиянын жана котормонун ортосунда кандайдыр бир айырмачылыктар болгон учурда, англисче версиясы артыкчылыктуу мааниге ээ болот.



## Катышуучулар

Кодекс Menarini Группа компаниясына, алардын кызматкерлерине, кызмат адамдарына, жетекчилерине, ошондой эле ишкер өнөктөштөрүнө жана Menarini менен иштиктүү мамилелерге ээ болгон башка жактарга түздөн-түз тиешелүү (алардын баары бул термин менен жалпыланган – «Катышуучулар»).

## Эмне үчүн биз иш-аракеттерибизди жөнгө салган принциптерди жана эрежелерди белгилейбиз

Menarini Группа принциптер жана эрежелер жыйындысын иштеп чыкканына карабастан, кантип туура аракеттенүү керектиги айкын болбогон кырдаалдар жокко чыгарылбайт. Мындай учурларда, сураныч, Кодекске жана анда берилген принциптерге кайрылыңыз. Бирок эч бир жагдайда иш-аракет компаниянын кызыкчылыгында жасалып жатканына ишендирүү ушул Кодекске карама-каршы келген иш-аракеттерди актабайт.




## Жетекчиликтин милдеттенмеси жана жоопкерчилиги

Жетекчилик Кодексти аткаруу үчүн түздөн-түз жоопкерчилик тартат жана аны Menarini Группа компанияларынын сакташы үчүн бардык керектүү чараларды көрөт.

Уюмдун ар кандай деңгээлдериндеги жетекчилик этикалык көйгөйлөрдү аныктоо үчүн түз жоопкерчилик тартат жана өзүнүн талаптары, иш-аракети жана жүрүм-туруму менен ушул Кодекс менен белгиленген этикалык принциптердин жана эрежелердин маанилүүлүгүн көрсөтөт.





## Жетекчиликтин милдеттенмеси жана жоопкерчилиги

Menarini бардык жетекчилиги топтун негизги баалуулуктарына ылайык чечим кабыл алууга, өзүнүн иш-аракеттери үчүн жоопкерчилик алууга жана алар үчүн жооп берүүгө даяр болушу керек. Үлгү көрсөтүү менен, алар бардык кызматкерлердин принциптерди жана эрежелерди билүүсүн, түшүнүүсүн жана сактоосун гана эмес, бул талап кылынганда же зарыл деп эсептелгенде жетектөөнү, колдоо көрсөтүүнү жана түшүндүрмөнү берүүнү камсыздайт. Жетекчилер Жүрүм-турум кодексин бузууга жол берилбестигин ачык билдириши керек.



## Жоопкерчилик жана мыйзамдар менен эрежелерди сактоо

Menarini алар иштеген өлкөлөрдүн бардык колдонуудагы мыйзамдарын жана ченемдик актыларын, анын ичинде биздин бардык өнүмдөрдү изилдөөнү, иштеп чыгууну, өндүрүүнү, бөлүштүрүүнү, сатууну жана жайылтууну жөнгө салган мыйзамдарды жана ченемдик талаптарды сактайт. Бул жергиликтүү соода ассоциацияларынын эрежелерине дагы тиешелүү. Бул Кодекстин жана колдонуудагы эл аралык жана жергиликтүү мыйзамдын ортосунда карама-каршылыктар жана/же шайкеш эместиктер болгон учурда, эң катуу ченем колдонулат.

# 02

# БИЗНЕС ЖҮРГҮЗҮҮДӨГҮ ЧЫНЧЫЛДЫК



Паракорчулукка жол берилбестик

Саламаттык сактоо кызматкерлери менен өз ара аракеттенүү (HCPs)

Жайылтуу боюнча иш жана илимий алмашуу

Белектер, меймандостук белгилери жана байланыштуу чыгымдар

Кызыкчылыктар кагылышы

Жеткирүүчүлөрдү тандоо жана сатып алуулар

Атаандаштык жана ак ниеттүүлүк

Эл аралык соода

Курчап турган чөйрөнү коргоо





## Паракорчулукка жол берилбестик

Menarini компаниясында паракорчулуктун бардык түрлөрүнө (мейли ачык, жеке, активдүү же пассивдүү болсун), ысырапкорчулукка, алдамчылыкка, уурулукка жана/же мыйзамсыз пайда берүүгө катуу тыюу салынган. Ошондуктан, Катышуучулар иштиктүү чечимдерди кабыл алууга же адилетсиз пайда алууга, анын ичинде колдонуудагы контракттар же жаңы бизнес түзүү үчүн таасирин тийгизе турган баалуу бир нерсени (мисалы, белектер, сапарларга, иштиктүү макулдашууларга байланыштуу негизсиз жеңилдиктер ж.б.) түздөн-түз же кыйыр сунуштоодон, убада кылуудан бе берүүдөн алыс болушу керек.


Уландысы кийинки бетте

Кыйын кырдаалга кабылганда, өзүңүздөн сураңыз:

- Буга колдонуудагы мыйзамдар жана эрежелер менен уруксат берилгенби?
- Бул Кодексте жазылганга жана маңызына жана компаниянын башка саясаттарына жана жол-жоболоруна туура келеби?
- Эгер менен иш-аракетим жөнүндө ММКда жарыяланса, мага ыңгайлуу болобу?



Menarini паракорчулуктун бардык түрүнө катуу тыюу салат. Бардык Катышуучулар бул принципти сактап жана иштиктүү чечим кабыл алууга же адилетсиз иштиктүү артыкчылыктарды алууга талаптагыдай эмес таасирин тийгизиши мүмкүн болгон бардык кырдаалды четке кагышы керек.



## Паракорчулукка жол берилбестик

Мындай иш-аракеттер Menarini, анын кызматкерлери жана ишкер өнөктөштөрү үчүн жол берилгис деп эсептелет. Тартылган адамдар (компания менен бирге) ушул Кодекске ылайык, иш жүргүзүлгөн өлкөлөрдүн мыйзамдарына жана ченемдик актыларына ылайык, анын ичинде пара сунуштаган же берген үчүнчү жак менен өз ара аракеттенүү учурунда жоопкерчилик тартышат. Menarini биздин этикалык стандарттарды сактагандар менен гана мамиле түзүшү үчүн үчүнчү жактарды тандоодо этияттыкты жана сактыкты сактоо керек. Бул саламаттык сактоо кызматкерлери менен өз ара аракеттенүүгө дагы тиешелүү. Көпчүлүк кырдаалда алар паракорчулук жана коррупция менен күрөшүү жөнүндө мыйзамдарды колдонуу көз карашынан алганда кызмат адамдары/мамлекеттик кызматчылар болушу мүмкүн. *(«Саламаттык сактоо кызматкерлери менен өз ара аракеттенүү» бөлүмүн караңыз).*





## Саламаттык сактоо кызматкерлери менен өз ара аракеттенүү (HCPs)

Menarini саламаттык сактоо кызматкерлери менен өз ара аракеттенүүгө тиешелүү бардык колдонуудагы ченемдерди толук сактайт.

Саламаттык сактоо кызматкерлеринин медициналык корутундусуна таасирине жол бербеш үчүн, өкмөттүн, мекемелердин жана башка түзүмдөрдүн (мамлекеттик да, жеке да) кызматкерлери же кызмат адамдары менен бардык өз ара мамилелер кылдат контролдонот. *(«Паракорчулукка жол берилбестик» бөлүмүн караңыз)*. Эгерде изилдөөчү, консультант же баяндамачы катары биздин изилдөөлөрдү жүргүзүү үчүн же илимий билимди алмашуу үчүн саламаттык сактоо кызматкерин тартуу талап кылынса, бул мыйзамдуу жана негиздүү иштиктүү максаттар үчүн гана жасалат.

Мындай кызматташтыктын шарттары ички принциптерге жана жол-жоболорго жана бардык мыйзамдарга жана ченемдик актыларга ылайык келиши керек.

Саламаттык сактоо кызматкерлери менен өз ара аракеттенүү эл аралык мыйзамдар жана тиешелүү тармактык жүрүм-турум кодекстери (атап айтканда, Эл аралык фармацевтикалык өндүрүүчүлөр жана ассоциациялар федерациясынын - IFPMA), ошондой эле региондук/жергиликтүү ченемдик актылар (мисалы, Европа фармацевтикалык өнөр жай жана ассоциациялар федерациясы - EFPIA) менен жөнгө салынышы керек.

Бул максатта Menarini *Кесиптик этика жана ак ниеттүүлүк саясатынын (Ethics & Intergrity Policies)* алкагында саламаттык сактоо системасы, фармацевтикалык рыноктор жана промоциялык ишмердүүлүк менен өз ара аракеттенүүнүн конкреттүү ички эрежелерин, ошондой эле Маалыматтарды коргоо боюнча жалпы регламентти жана ар бир өзүнчө компаниянын деңгээлинде монополияга каршы мыйзамдарды сактоо программаларын иштеп чыкты.

Саламаттык сактоо кызматкерлерине дарыгерлер, стоматология, фармацевтика жаатындагы адистер, медайымдар, өз ишмердүүлүгүнүн жүрүшүндө дары каражаттарын дайындашы, сатып алышы, жеткириши, сунушташы, бериши мүмкүн болгон башка адамдар кирет.



## Илгерилетүү боюнча иш жана илимий алмашуу

Өндүрүмдүн сапатына жана коопсуздугуна кам көрүү менен, Menarini ишенимдүү компания катары өзүнүн беделин камсыздоого жана бекемдөөгө умтулуп, промоциялык-маалыматтык ишмердүүлүгүн туура жана адилеттүү жүргүзүүгө аракет кылат. Илгерилетүү боюнча иштин максаты – саламаттык сактоо кызматкерлерине биздин өнүмдөрдүн терапиялык баалуулугу жөнүндө жеке пикирин түзүүгө мүмкүнчүлүк берүү, аларды натыйжалуу пайдаланууну камсыздоо жана бейтаптарга кам көрүүнү жакшыртуу. Бул медициналык изилдөөлөрдү кеңейтүүнү, медицина жана башкаруу жаатында билимди жогорулатууну, биздин өнүмдөрдү жана кызмат көрсөтүүлөрдү илгерилетүүнү жана андан ары керектүү кайтарым байланышты камтыйт. Жарнама материалдары жана иши, анын ичинде компания же анын кызматкерлери тарабынан активдүү пайдаланылган жана биздин өндүрүм жөнүндө билдирүүнү жана маалыматты камтыгандар дүйнөлүк деңгээлде катуу жөнгө салынат: биз бардык колдонуудагы эл аралык жана жергиликтүү ченемдерди сактоого милдеттүүбүз. Бардык жарнамалык материалдар жана ишмердүүлүк кош мааниден алыс болуп, жогорку этикалык, медициналык жана илимий стандарттарга ылайык келиши үчүн өтө так болушу керек.




## Белектер, меймандостук белгилери жана байланыштуу чыгымдар

Негизинен эгер бул колдонуудагы мыйзамдар, ченемдик укуктук актылар же тармактык кодекстердин тиешелүү жоболору менен тыюу салынбаса, анда бизнес дискуссиянын алкагында салттуу белектерди же жөнөкөй тамак-ашты же башка жыргалчылыкты сунуштоого уруксат берилет. Мындай сылыктык белгилери алуучуну сатып алуу аракети катары бааланышы мүмкүн болгон учурлардан тышкары *( «Паракорчулукка жол берилбестик» бөлүмүн караңыз).* Мындан тышкары, жергиликтүү ченемдер жана мыйзамдар менен уруксат берилген ишкер этиканын эрежелери жана стандарттары сакталышы керек *(«Саламаттык сактоо кызматкерлери менен өз ара аракеттенүү бөлүмүн караңыз»).*





## Кызыкчылыктар кагылышы

Кызыкчылыктар кагылышы – бул сиздин жеке кызыкчылыгыңыз кагылышканда же кагылыш сезимин, анын ичинде Menarini кызыкчылыгы менен потенциалдуу кагылыш сезимин жаратканда пайда болот. Көрсөтүлгөн иш-аракеттерди жасоого (реалдуу же потенциалдуу кызыкчылыктар кагылышында), аларды жүзөгө ашырууга көмөктөшүүгө же Сиздин кесипкөй баалооңузга зыян келтириши мүмкүн болгон жана/же Сиздин компаниянын кызыкчылыгында калыс чечим кабыл алууңузду коркунучка келтирген бардык ишмердүүлүккө катуу тыюу салынат. Бул ушул Кодекстин принциптерине жана эрежелерине карама-каршы келген, башка байланыштуу иш-аракеттерге дагы тиешелүү. Кызыкчылыктар кагылышына шектенүү гана Menarini карата ишенимди жоготот жана биздин беделибизге олуттуу зыян келтирет. Ошондуктан биз ар дайым мындай кырдаалды ачууга жана кызыкчылыктарын кагылышын жоюу же чечүү боюнча чара көрүүгө умтулабыз.

### Кызыкчылыктар кагылышынын мисалы: **эки жерде иштөө**

**Сценарий**
Кадрлар бөлүмү башка компанияда толук иш күнү иштеген кызматкер жөнүндө маалыматты алат. Буга байланыштуу териштирүү башталат.

**Жыйынтык**
Кадрлар бөлүмү кызматкер менен аңгемелешкен убакта ал мурдагы жумушунан бошонбой Menarini компаниясында иштеп баштаганы аныкталат. Кош жумуштуулук эки компаниянын купуялуулугу үчүн олуттуу тобокелдикке алып келген кызыкчылыктар кагылышы болгондуктан, Menarini менен эмгек келишими дароо бузулат.


**Тыянактар**
Кош жумуштуулукка таптакыр тыюу салынаарын эске алуу керек, анткени компаниянын кызматтык милдеттерине жана иштиктүү кызыкчылыктарына карама-каршы келет.

## Жеткирүүчүлөрдү тандоо жана сатып алуулар

Өз ишин жүргүзүүдө Menarini алардын сапатын, коопсуздугун, натыйжалуулугун, ошондой эле ишенимдүү жеткирүүчү сунуштаган баасын эске алуу менен, товарларды жана кызмат көрсөтүүлөрдү сатып алат.

Жеткирүүчүлөр сиздин ак ниеттүү болуу, жергиликтүү эрежелерди жана мыйзамдарды сактоо аракетиңизди бөлүшүүсү керек.
Алардын тандоосу адилеттүүлүк, айкындуулук, кызыкчылыктар кагылышынан, ал гана эмес товарларды жана кызмат көрсөтүүлөрдү сатып алууга карата биздин тандоого таасирин тийгизген потенциалдуу кызыкчылыктар кагылышынан алыс болуу принциптерине негизделген. Ушундан улам биз жеткирүүчүлөр менен өз ара аракеттенүүлөрдүн үзгүлтүксүздүгүн текшеребиз. *(Үчүнчү жактар үчүн Менарини глобалдык жүрүм-турум кодексин караңыз).*

Биз коррупция, ак ниеттүү эмес атаандаштык, курчап турган чөйрөнү коргоо жөнүндө жоболорду бузуу же адам укуктарын бузган эмгек шарттары сыяктуу бардык укукка каршы жүрүм-турумга жол бербейбиз.








## Атаандаштык жана ак ниеттүүлүк

Menarini үчүн атаандаштык жана ак ниеттүүлүк – бул мыйзамдын талабы гана эмес, белгиленген корпоративдик баалуулуктар.
Биз биздин өнүмдөрдүн күчтүү жактарына жана артыкчылыктарына басым жасоо менен, ачык жана атаандаш рынокту түзүүгө умтулабыз. Жеке социалдык жоопкерчиликтин алкагында Menarini Группа бардык иштиктүү мамилелерде тең укуктуу атаандаштыкты жана чынчылдыкты камсыздаган атайын саясатты жана программаны киргизген. 2006-жылдан тартып комплекстүү окутуу жана контролдоо системасы киргизилген. Корпоративдик саясат киргизилди жана бизнес жүргүзүүдө монополияга каршы бузуулар тобокелдигин төмөндөтүү үчүн туруктуу жаңыртылат.



## Эл аралык соода

Menarini эл аралык соода, анын ичинде импортту, экспортту жөнгө салган, соода санкцияларына жана эмбаргого тиешелүү бардык мыйзамдарды жана эрежелерди сактоого милдеттенет. Бардык кызматкерлер Menarini жүргүзгөн башка ишмердүүлүккө карата колдонулган чектөөлөрдү билүүгө милдеттүү. Чектөөлөр жана тыюу салуулар товарлардын мүнөзүнөн, чыккан же жөнөтүлө турган өлкөдөн, финансы операциялардын валютасынан же мындай транзакциянын бөлүгүн аныктоодон көз каранды болот.

## Курчап турган чөйрөнү коргоо

Menarini курчап турган чөйрөнү коргоонун маанилүү экенин түшүнөт, өз ишин пландаштырууда, экономикалык демилгелердин жана курчап турган чөйрөнү коргоо боюнча керектүү чаралардын ортосунда балансты табууга аракет кылат. Биз курчап турган чөйрөгө таасирин минималдаштыруу үчүн, экологиялык көз караштан алганда сарамжалдуу бизнес жүргүзөбүз.

Бул биздин милдеттенмеде биз турган жерлерде биздин таасирди азайтуу боюнча иш-аракеттердин максималдуу натыйжалуулугун камсыздоо менен, бардык колдонуудагы жана жергиликтүү мыйзамдарды жана ченемдерди сактоону кепилдеген, экологиялык стандарттарды киргизебиз деп белгиленген.







2-глава. Практикалык мисалдар

**Мен жеткирүүчүнүн иш-чарасына чакырууну кабыл алсам болобу?**
Эгерде бул жергиликтүү колдонуудагы мыйзамдар жана тармактык кодекстер менен тыюу салынбаса, эгер шылтоо орунду болсо жана иш-чара үзгүлтүксүз жүргүзүлсө, чакырууну кабыл алууга тыюу салынбайт. Катышууну ырастоодон мурда жетекчиңиз менен кеңешиңиз, анткени бул келечекте чечим кабыл алууда сиздин обьективдүүлүгүңүзгө таасирин тийгизиши мүмкүн.

**Кызыкчылыктар кагылышына алып келе турган чечим кабыл алуу керек болсо, мен эмне кылышым керек?**
Токтоосуз кырдаалды жетекчиңиз менен талкуулаңыз. Негизинен потенциалдуу кагылышты ачыктоо жана документтештирүү жетиштүү. Ошондой эле сиз ылайыктуу чечимди издөө үчүн бул маселени юридика же комплаенс бөлүмү менен талкуулай аласыз.

**Медицина окуу катары, мен жергиликтүү саламаттык сактоо кызматкерлерине биздин өнүмдөрдүн бет ачары менен планшет бергим келет. Бул мүмкүнбү?**
Жок. Медициналык практикага тиешеси бар, ошондой эле жергиликтүү мыйзамдар жана компаниянын саясаты менен уруксат берилген окуу материалдарына жана номиналдык баадагы предметтерге гана уруксат берилген. Бардык белектер тиешелүү бөлүмдөр тарабынан алдын ала жактырылышы керек.
Уруксат берилген белектерге карата шектенүүлөр болгондо түшүндүрмө же кеңеш алуу үчүн комплаенс бөлүмүнө кайрылыңыз.





# 03

# ЭМГЕКТИ КОРГОО


- Адам ресурстары
- Асылууга жана басмырлоого жол бербестик
- Адилеттүү мамиле кылуу
- Ден соолук жана коопсуздук
- Адам укуктары
- Кызматкерлердин купуялуулукка укугу
- Кошуу маданияты
- Социалдык тармакта баарлашуу жоопкерчилиги





## Адам ресурстары

Адам ресурстары биздин компаниянын өнүгүшү үчүн маанилүү элемент болуп саналат. Персоналды башкаруу адамдарга карата сый-урматка жана алардын уникалдуулугун таанууга негизделген. Аларды жогорку кесипкөйлүгү жана Menarini жактоочулугу компаниянын максаттарына жетүү үчүн чечүүчү фактор болуп саналат. Ушундан улам биз адам укуктарына, өзгөчө биздин кызматкерлерибиздин физикалык жана этикалык кол тийбестигине тиешелүү колдонуудагы мыйзамдарга ылайык, билимди жана алган көндүмдөрдү кеңейтүүгө багытталган, кесиптик өсүүнү жана өнүгүүнү колдоого алабыз. Кодексте берилген баалуулуктарга карата жактоочулук биздин кызматкерлерди сыйлоо, колдоо жана кызматында илгерилетүү үчүн фундаменталдык мааниге ээ. Бош кызмат орундарына бардык изденүүчүлөргө карата Menarini стандарттуу алдыңкы тажрыйбаны пайдалануу менен, тең укуктуу жана урматтоо менен мамиле кылат; сунуштоолордун жана жактоочулуктун түрлөрүнө жол берилбейт.



## Асылууга жана басмырлоого жол бербестик

Басмырлоого же асылууга карата, биз кызматкерлерибиз бул көрүнүштөргө карата жол берилбестик позициясын сакташын талап кылабыз.
Menarini бсасмырлоосуз жумуш мейкиндигин түзүүгө умтулат. Биз раса, терисинин түсү, жынысы, дини, уууу, сексуалдык каалоосу, курагы, майыптуулугу, кош бойлуулук, үй-бүлөлүк абалы, ардагер статусу же башка мыйзамда каралган аспекттер сыяктуу жеке мүнөздөмөлөргө негизделген эч кандай жалган түшүнүктөргө дол бербейбиз.
Персоналды башкаруу, анын ичинде жумушка алуу, аттестациялоо, которуу, карьералык өсүш, компенсация же иштен бошотуу эч кандай басмырлоосуз жасалышы керек.
Кызматкерлер жана начальниктер аларды жеке мүнөзү же кызыгуулары боюнча эмес, көндүмдөрү, жөндөмдүүлүгү жана өндүрүмдүүлүгү боюнча баалаша турганын билиши керек.



Menarini басмырлоосуз жумуш мейкиндигин түзүүгө умтулат. Биз раса, терисинин түсү, жынысы, дин, улуту, сексуалдык каалоосу, курагы, майыптуулугу, кош бойлуулук, үй-бүлөлүк абалы, ардагер статусу же башка сыяктуу жеке мүнөздөмөлөргө негизделген эч кандай жалган түшүнүктөргө жол бербейбиз. Бул куугунтуктоого, коркутууга же мажбурлоого дагы тиешелүү

03 - ЭМГЕКТИ КОРГОО
ЖҮРҮМ-ТУРУМ КОДЕКСИ

## Адилеттүү мамиле кылуу

Menarini бардык кызматкерлерге жагымдуу жумуш мейкиндигин түзүүгө шарт түзөт жана бардык эмгек мыйзамдарын жана ченемдерин сактайт. Бирок маданиятсыз жана адамкерчиликсиз иш-аракеттерге, анын ичинде сексуалдык асылууга жана мазактоого, денеге залал келтирүүгө, физикалык же психологиялык мажбурлоого, сөз менен кемсинтүүгө жол берген, иш мейкиндигин камсыздоо үчүн бардык мүмкүн болгонду жасайбыз.

## Ден соолук жана коопсуздук

Menarini өзүнүн бардык кызматкерлеринин жана биздин кеңсеге жетүү мүмкүндүгүнө ээ болгон жана компаниянын ишмердүүлүгүнө катышкан бардык адамдардын ден соолугун жана коопсуздугун сактоонун маанилүү экенин түшүнөт. Биз жумуш орундарын жакшыртып, бардык колдонуудагы мыйзамдарды жана ченемдерди аткарууну камсыздап, дүйнө жүзүндө жумуш орундарында, анын ичинде ишкер сапарларга жана жолугушууларга карата ден соолукту жана коопсуздукту коргоонун бирдей стандарттарын колдонууга милдеттенебиз. Биздин максат – биздин кызматкерлерибиздин, үчүнчү жактардын жана коомчулуктун катышуусу менен бөөдө кырсыктарды азайтуу же алдын алуу. Мындай жол менен конкреттүү маалымат жана максаттуу окутуу программалары аркылуу биздин кызматкерлерибиздин арасында бөөдө кырсыктардын алдын алуу маданиятын жана тобокелдиктер жөнүндө маалымдуулукту активдүү жайылтабыз. Ар бир адам коопсуз эмгек шарттарын, анын ичинде бардык бөөдө кырсыктар жана/же "потенциалдуу коопту кырдаалдар" тууралуу өз убагында маалымдоо аркылуу сактоо үчүн жоопкерчилик тартат.





## Адам укуктары

Menarini бардык кыянаттык менен пайдалануудан алыс болуп, Бириккен улуттар уюмунун Адам укуктарынын жалпы декларациясынын принциптерин сактоого жана урматтоого милдеттенет. Биз бардык колдонуудагы мыйзамдарга ылайык кызматкерлерибиздин кадыр-баркын, эркиндигин, ден соолугун жана тең укуктуулугун коргоого умтулабыз, ошондой эле басмырлоонун бардык түрлөрүнө, балдардын же мажбурланган эмгекти пайдаланууга тыюу салабыз. Биздин өнөктөштөрдөн адам укуктарын жана кызматкерлердин укуктарын сактоону талап кылабыз.





## Кызматкерлердин купуялуулукка укугу

Menarini жеке маалыматтарды, анын ичинде өзүнүн кызматкерлери жана өнөктөштөрү жөнүндө жеке маалыматты коргоого олуттуу мамиле кылат. Бул маалымат колдонуудагы маалыматтарды коргоо жөнүндө ченемдерге, Menarini Групп компаниясынын маалыматтарды коргоо боюнча жалпы регламентине ылайык катуу купуялуулукту сактоо менен иштелип чыгат. Маалымат дайындарды минималдаштыруу принцибине ылайык жана эмгек мамилелери менен байланыштуу максаттар үчүн гана чогултулат. Катуу кызматтык зарылчылыкка байланыштуу муну менен ыйгарым укуктуу кызматкерлер гана алектенишет. Маалыматтар алар чогултулган максатка жеткенге чейин зарыл болгон убакыт аралыгында ишенимдүү сакталат, ушундан кийин алар талаптагыдай өчүрүлөт. Каалаган убакта биздин кызматкерлер жана өнөктөштөр купуялуулук жөнүндө мыйзамда каралган укуктарды пайдалануу жана/же жеке маалыматты талаптагыдай эмес пайдалануу жөнүндө билдирүү үчүн маалыматтарды коргоо боюнча компетенттүү персонал менен байланыша алышат.




## Кошуу маданияты

Биз үчүн ар түрдүүлүк – бул ар бир кызматкердин уникалдуулугун жана баалуу салымын урматтоо маданиятын өнүктүрүү үчүн маанилүү баалуулук. Биздин жумушчу чөйрөдө бардык ар түрдүүлүк, мейли улуту, маданият, этностук таандыктык, дин же мурдагы кесиби болсун, кошумча артыкчылык катары каралат. Биз мындай айырмачылыктарды эске алууга жана биздин ийгилик үчүн анын маанилүүлүгүн таанууга умтулабыз.

## Социалдык тармактарда жоопкерчиликтүү баарлашуу

Компаниянын имиджин жана беделин сактоо максатында, кызматкерлер социалдык тармакты жеке жашоосунда да, кесиптик чөйрөдө да талаптагыдай пайдаланышы керек. Чынында белгилүү бир контентти жайгаштыруу же комментарий берүү Menarini беделине таасирин тийгизиши мүмкүн.
Ыйгарым укуктуу кызматкер гана Компаниянын өнүмдөрүнө байланыштуу социалдык тармактарда Menarini атынан баарлашууга укуктуу.








3-глава – Практикалык мисалдар

**Менин бөлүмүмдө бош кызмат орун бар экенин билдим. Агам Menarini компаниясында иштөөгө кызыгып жүргөнүн билем. Мен жетекчиме же кадрлар бөлүмүнө аны сунуштасам болобу?**
Menarini иштеп жаткан кызматкерлер менен байланышынан көз карандысыз, квалификациялуу кадрлардын сунуштарын колдойт. Муну менен катар компания кандайдыр бир сунуштоого же жактоочулукка таянып жумушка алууну же кадрларды топтоону жүзөгө ашырбайт.

**Менде биздин жеткирүүчү балдар эмгегин пайдаланууга айыптоо боюнча тергөө алдында турганы жөнүндө расмий эмес маалымат бар. Мен бул ушактарга көңүл бурбашым керекпи?**
Жок. Menarini адам укуктарын коргойт жана колдонуудагы мыйзамдарга жана жалпы кабыл алынган эмгек стандарттарына карама-каршы келген иш-аракеттерге жол бербейт. Сиз бул тууралуу жетекчиңизге дароо билдиришиңиз керек. Menarini бул маселени изилдеп чыгат жана зарыл болгондо тиешелүү чараларды көрөт.

**Кесиптешим социалдык тармактагы менин профилим аркылуу биздин өндүрүм жөнүндө пост жарыялоону сунуштады. Буга уруксат берилгенби?**
Мындай кырдаал өтө сактыкты талап кылат. Эсиңизде болсун, ыйгарым укуктуу кызматкерлер гана социалдык тармактарда Menarini атынан баарлаша алат, анын ичинде анын өндүрүмүнө байланыштуу постторду түзө алышат.



# 04

чыгуулардагы

# БИЗДИН БЕЙТАПТАРГА КӨҢҮЛ БУРУУ


Изилдөөлөрдөгү жана иштеп чыгуулардагы ак ниеттүүлүк

Маалыматтарды ачыкка чыгаруу

Биздин өнүмдөрдүн сапаты

Бейтаптын коопсуздугу

Коопсуздук мониторинги жана отчеттуулук

Маалыматтардын купуялуулугу








## Изилдөөлөрдөгү жана иштеп чыгуулардагы ак ниеттүүлүк

Изилдөөлөрдө жана иштеп чыгууларда биз илимий алдыңкы тажрыйбага умтулабыз, бул биздин бейтаптардын терапиялык муктаждыктарына ылайык келген, инновациялык жана сапаттуу өнүмдөрдү сунуштоо мүмкүнчүлүгүн берет. Биз бул ишмердүүлүктү ак ниеттүү, этикалык аспекттер үчүн зыян келтирүүсүз, бардык клиникага чейинки жана клиникалык изилдөөлөр жогорку медициналык жана илимий стандарттарга ылайык, колдонуудагы мыйзамдарда, ченемдик актыларга жана алдыңкы тажрыйбаны колдонуунун жетектөөчү принциптерине ылайык өткөрүлүп жатканын кепилдөө менен жүргүзөбүз.



## Маалыматтарды ачыкка чыгаруу

Бул уруксат берилген жерде, биз маалыматтарды жана клиникалык сыноолордун дайындарын бейтаптар, медициналык же изилдөөчүлөр жамааты жаа маалыматтык маалымат каражаттары менен бөлүшүүгө умтулабыз. Биз муну бейтаптардын купуялуулугуна сактоону эске алуу менен, ошондой эле колдонуудагы ченемдерге ылайык жасайбыз.



## Биздин өнүмдөрдүн сапаты


Биз эң жогорку сапат стандарттарына ылайык, бардык мыйзамдарга жана ченемдик талаптарга ылайык, ошондой эле дүйнөлүк практикадагы алдыңкы тажрыйба боюнча өндүрүмдү иштеп чыгабыз, өндүрөбүз жана контролдойбуз.
Бул максатта жогорку квалификациялуу персонал тарабынан сакталган жана камсыздалган жана компания тарабынан туруктуу илгерилеткен, уникалдуу сапат системасын киргиздик.
Сапат системасы үзгүлтүксүз текшерилет жана тиешелүү саламаттык сактоо органы тарабына тастыктамаланат.





## Бейтаптын коопсуздугу

Биздин ишмердүүлүк бейтаптарга көңүл буруута негизделген. Биз физикалык бүтүндүктү жана ден соолукту коргогон жана жакшырткан дары каражаттарын сатабыз.
Бейтаптын алдында этикалык милдеттенмелерди эң мыкты жүзөгө ашыруу жана сактоо үчүн, биз оптималдуу илимий, терапиялык, медициналык жана диагностикалык чечимдер үчүн болгон күчтү жумшайбыз. Бул бейтаптардын коопсуздугун кепилдөө үчүн, биздин өндүрүмгө карата эң катуу ченемдерди сактоо боюнча ишти түшүндүрөт. Биз өнүмдөрүбүздү жана соода маркаларын жасалмадан, уурдоодон же башка мыйзамсыз пайдалануудан коргоого умтулабыз.




## Коопсуздук мониторинги жана отчеттуулук

Menarini клиникалык сыноолордон өткөн, сатылган өндүрүмдүн жана дары-дармектин коопсуздугуна тиешелүү бардык маалыматтарды көзөмөлдөйт, баалайт жана башкарат. Ошондуктан кызматкерлер Menarini компаниясы саткан дары каражаттарын же өнүмдү ичкенден кийин пайда болгон кыйыр көрүнүштөр же көйгөйлөр жөнүндө дароо билдиришет. Жагымсыз көрүнүштөргө лабораториялык жыйынтыктардан четтөө, дарыга тиешеси жок болсо дагы, убактылуу дары каражатын ичүү менен байланыштуу симптом же оору сыяктуу бардык жагымсыз жана күтүүсүз кесепеттер кирет. Жагымсыз көрүнүштөр жөнүндө  Menarini компаниясынын веб-сайттарында кеңири берилген жол-жобого ылайык билдирүүгө болот.

## Маалыматтын купуялуулугу

Биздин бейтаптарыбыздын, анын ичинде Menarini компаниясы демөөрчүлүк кылган, дүйнөнүн каалаган жериндеги клиникалык изилдөөлөргө катышкан бейтаптардын жеке жашоосунун кол тийбестиги, негизги эркиндиктери жана кадыр-баркы биз үчүн чоң мааниге ээ.
Menarini өзүнүн бардык бейтаптарынын коопсуздугун камсыздоого, маалыматтарды жоготуунун, мыйзамсыз жетүү мүмкүндүгүнүн жана пайдалануунун алдын алуу үчүн колдонуудагы мыйзамдарга ылайык коопсуздук чараларын сактоого милдеттенет. Мындан тышкары компания бардык жеке маалыматтарды коргоо үчүн арналган ар кандай технологиялык чечимдерди жана коопсуздук жол-жоболорун пайдаланат. Мындай маалыматтар катуу коргоо стандарттарына ылайык жана тиркелген маалыматтык билдирүүгө ылайык чогултулат, иштелип чыгат жана өчүрүлөт. Бейтаптар купуялуулук жөнүндө мыйзам менен берилген укуктарды пайдалануу жана/же алардын жеке маалыматтарын талаптагыдай эмес пайдалануу жөнүндө билдирүү үчүн, маалыматтарды коргоо боюнча компетенттүү кызматкерлер менен каалаган убакта байланыша алышат.





04 - БИЗДИН БЕЙТАПТАРГА КӨҢҮЛ БУРУУ

ЖҮРҮМ-ТУРУМ КОДЕКСИ

4-глава – Практикалык мисалдар

**Мен өндүрүштүк линияда иштейм. Эгер мен конвейерден чыккан айрым өнүмдөр Menarini сапат стандарттарына ылайык келбестигин байкасам, эмне кылышым керек?**
Menarini жогорку сапаттагы өндүрүмдү өндүрөт. Эгерде Сиз биздин стандарттарга ылайык келбеген өнүмдөрдү байкасаңыз, тиешелүү документтерде берилген жол-жоболорду сактаңыз. Зарыл болгондо жетекчиңизге жана сапатты контролдоо бөлүмүнүн адисине маалымдаңыз.

**Кечеде кесиптешим анын досу Menarini өнүмүн ичип жана башын оорун чыкканын билет. Мен бул тууралуу билдиришим керекпи?**
Ооба. Маалыматты чогултуу ыкмасынан жана Menarini өнүмүнүн потенциалдуу кыйыр таасирдин олуттуулугунан көз карандысыз, бул тууралуу 24 саат ичинде билдирүү керек.

**Мен белгилүү бир долбоорлордо бейтаптардын тобу менен кызматташам, кээде алардын жеке маалыматтары берилет. Мен эмне кылышым керек?**
Конкреттүү долбоор менен байланыштуу жеке маалыматтарды коргоону камсыздоо сиздин жоопкерчилик болуп саналат.



# 05

# МААЛЫМАТТАРДЫ КОЛДОНУУДАГЫ ЖАНА АКТИВДЕРДИ КОРГООДОГУ АК НИЕТТҮҮЛҮК

Бухгалтердик китептер, жазуулар жана финансылык отчеттуулук

Интеллектуалдык менчик

Купуя маалымат

Корпоративдик активдерди коргоо





## Бухгалтердик китептер, жазуулар жана финансылык отчеттуулук

Биздин эсептердин, финансылык ведомстволордун, отчеттордун жана мыйзамга ылайык акционерлерге же коомчулукка даректелген башка маалыматтардын тууралыгы, ак ниеттүүлүгү жана айкындуулугу – бул Menarini компаниясы үчүн фундаменталдык баалуулук.

Бардык экономикалык жана финансылык операциялар талаптагыдай катталат.

Ар бир жазуу операцияны, ага уруксатты ким бергенин, аны ким аткарганын, каттаганын жана текшергенин тастыктаган тиешелүү документтер менен коштолушу керек.

## Интеллектуалдык менчик

Menarini изилдөөлөр жана алдыңкы өндүрүмдү иштеп чыгуу аркылуу фармация жана диагностика жаатындагы инновацияларга шарт түзөт, ал эми интеллектуалдык менчикти коргоо бул максатка жетүү үчүн негизги болуп саналат. Интеллектуалдык менчик компанияга интеллектуалдык артыкчылык берет.



Биз изилдөөлөр жана алдыңкы өндүрүмдү иштеп чыгуу аркылуу фармация жана диагностика жаатындагы инновацияларга шарт түзөбүз, ал эми интеллектуалдык менчикти коргоо бул максатка жетүү үчүн негизги болуп саналат.

Уландысы кийинки бетте →

## Интеллектуалдык менчик

Бул бардык патенттерге, товардык белгилерге, автордук укуктарга, коммерциялык сырларга (мисалы, илимий, техникалык жана соода ноу-хау), ошондой бизнес-стратегияларга, анын ичинде өнүмдөрдү рынокко чыгарууга тиешелүү. Биз интеллектуалдык менчигибизди жоготуудан, уурдоодон жана башка мыйзамсыз пайдалануудан камсыздандырабыз жана үчүнчү жактардын интеллектуалдык менчигин урматтайбыз.

## Купуя маалымат

Ишмердүүлүгүбүздүн жүрүшүндө биздин компания, иштиктүү өнөктөштөр жана үчүнчү жактар жөнүндө купуя маалыматты түзүшүбүз же билишибиз мүмкүн. Компаниянын кызыкчылыктарын коргоо үчүн, биз бул маалыматты мыйзамдуу иштиктүү зарылчылык же купуялуулук жөнүндө алдын ала макулдашуу жок Menarini ичиндеги же сырткары адамдарга бербейбиз.



## Корпоративдик активдерди коргоо

Menarini ар бирибиз компаниянын активдерин коргоп, аларды натыйжалуу пайдаланууну камсыздай турганын күтөт. Активдер өзүнө материалдык объекттерди да, биздин ишибизге тиешелүү маалыматты да, мисалы, интеллектуалдык менчикти, жумушчу документтерди жана электрондук маалыматтарды камтыйт.
Мунун баары мыйзамдуу иштиктүү максаттарда жана кызыкчылыктар кагылышынан алыс болуу үчүн колдонулушу керек. Уурдоо, шалакылык жана орунсуз жок кылуу натыйжалуулукка түз таасирин тийгизет жана үчүнчү жактардын бизге болгон ишенимин жоготот.





5-глава – Практикалык мисалдар

**Менин түздөн-түз жетекчим ал бир буйрутмачыга карата күтүп жаткан, бирок тастыктала элек сатууну каттоону өтүндү. Бул нормалдуубу?**
Жок. Жазууларды жана эсептерди жасалмалоо, фактыларды бурмалоо алдамчылык катары бааланат. Тартипке чакыруу чараларынан тышкары бул Сизге карата, ошондой эле Menarini компаниясына карата жарандык же жазык жоопкерчилигине алып келиши мүмкүн. Menarini документтеринде эч качан жасалма же адашууга алып келүүчү жазууларды жасабаңыз.

**Мен Menarini үчүн семинар уюштурам жана катышуучулардын арасында жайылтуу үчүн макаланы көрсөтүүнү каалайм. Мен муну жасасам болобу?**
Сиз колдонуудагы мыйзамдарга жана эрежелерге ылайык үчүнчү жактардын автордук укуктарын эске алышыңыз керек. Автордук укуктарга байланыштуу шектенүүлөр болгондо жетекчиңизге жана/же юридикалык бөлүмгө кайрылыңыз.

**Мен кесиптештерим менен саякаттап жүрөм жана жүргүзүлүп жаткан клиникалык изилдөөлөрдүн купуя жыйынтыктарын талкуулап жатабыз. Бул туурабы?**
Сиз коомдук жайларда, социалдык тармактарда купуя маалыматтарды колдонууда жана бекитилбеген байланыш каналдарын пайдаланууда өтө сак болуңуз.



# 06

# КООМ АЛДЫНДАГЫ ЖООПКЕРЧИЛИК



Саясый төгүмдөр

Кайрымдуулук жана социалдык долбоорлор

Бийлик жана мекемелер менен кызматташтык






## Саясый төгүмдөр

Menarini саясый партияларды, саясый же кесиптик кыймылдарды, саясый комитеттерди жана уюмдарды, ошондой эле алардын өкүлдөрүн жана талапкерлерин түз же кыйыр каржылоодон алыс болот. Ошондой эле компания ассоциацияларды каржылабайт жана саясый пропаганда максатын көздөгөн иш-чараларга же конференцияларга демөөрчүлүк кылбайт







## Кайрымдуулук жана социалдык долбоорлор

Menarini кайрымдуулук уюмдарына бардык төгүмдөр же кайыр-садагалар бардык колдонуудагы эл аралык жана жергиликтүү мыйзамдарга жана токтомдорго ылайык аткарыла турганын кепилдейт.

Кайрымдуулук кайыр-садагалар жана социалдык долбоорлор толук ачык болушу керек жана эч кандай жагдайда коррупциялык максаттарда колдонулбашы керек. Кайыр-садага жана социалдык долбоорлор алуучулар менен түз же кыйыр байланыштуу болгон, жеке жактардан да, юридикалык жактардан да мыйзамсыз артыкчылыктарды алууга багытталбашы керек.



Биз бардык компетенттүү органдар жана мекемелер менен чынчыл жана туура мамиле түзүүгө умтулабыз.

## Бийлик жана мекемелер менен кызматташтык

Menarini компоненттүү органдар жана мекемелер менен чынчыл жана туура мамиле түзүүгө умтулат. Биз маалымат алуу үчүн мыйзамдуу суроо-талапка же жеринде иликтөөгө байланыштуу ар дайым көмөк көрсөтүүгө даярбыз. Мыйзамдарга ылайык иликтөөнү же маалымат алууга суроо-талапты жүргүзүүгө тоскоолдук кылууга багытталган бардык жүрүм-турумга тыюу салынат.





6-глава – Практикалык мисалдар

**Биздин дистрибьютор эгерде биз белгилүү кайрымдуулук төгүмүн төлөсөк, мамлекеттик түзүм менен жаңы контрактты камсыздай ала турганын айтты. Бул кайрымдуулук уюмунун башкармалыгынын мүчөсү бул контракт үчүн жооп берген мамлекеттик мекемеде иштей турганын уккам. Мен эмне кылышым керек?**
Эч кандай төгүмдөрдү төлөбөңүз, бул тууралуу жетекчиңизге билдириңиз. Дистрибьютор кайрымдуулук түрүндө параны жашырууну же төгүмдүн бир бөлүгүн контракт түзүү үчүн жоопкерчиликтүү кызмат адамдарын сатып алуу үчүн пайдаланууну сунуштап жатат.

**Бийлик органдары компанияга маалымат алууга расмий суроо-талап жөнөткөн. Мен компаниянын документтерин беришим керекпи?**
Ооба. Menarini тиешелүү бөлүмдөрү бийлик менен толук кызматташта жана расмий суроо-талап боюнча керектүү маалыматты берет. Суроо-талапты токтоосуз түрдө тиешелүү бөлүмдөргө жөнөтүңүз (мисалы, корпоративдик монополияга каршы мыйзамдар жана купуялуулукту сактоо бөлүмүнө, ички аудит жана комплаенс бөлүмүнө, кадрлар бөлүмүнө).



# 07


# ЖҮРҮМ-ТУРУМ КОДЕКСИН БУЗУУ ЖӨНҮНДӨ БИЛДИРҮҮ (КОРПОРАТИВДИК МААЛЫМДОО САЯСАТЫ)

Маалымдоо

Тартипке чакыруу чарасы

Өч алуудан коргоо








## Маалымдоо

Зарыл болгондо Катышуучулар мыйзамдарды, ченемдерди, ушул Кодекстин принциптерин, Menarini стратегияларын жана жол-жоболорун бардык бузуулар, анын ичинде потенциалдуу бузуулар жөнүндө билдириши керек.
Menarini милдеттенмелерине таасирин тийгизиши мүмкүн делген, жогоруда саналган көйгөйлөрдүн бири аларга белгилүү болгон кызматкерлер бул тууралуу дароо билдириши керек:
- өзүнүн түз жетекчисине,
- кадрлар бөлүмүнө,
- жана/же комплаенс бөлүмүнө.
Билдирүүнүн купуялуулугу корголот, кызматкер өзүнүн ысымын ачыкка чыгаргысы келбесе, ал анонимдүү болот.

Уландысы кийинки бетте



Бузуулар жөнүндө натыйжалуу маалымдоо үчүн атайын каналдар бар. Билдирүүнүн купуялуулугу корголот, анонимдүү түрдө жасоого болот. Бардык билдирүүлөр купуя каралат.



## Маалымдоо

Бузуулар жөнүндө натыйжалуу маалымдоо үчүн төмөндөгү байланыш каналдарын пайдаланууга болот:

Website
борбордук комплаенс бөлүмүнүн электрондук почта дареги: **globalcompliance@menarini.com.**

Бардык билдирүүлөр калыс жана талаптагыдай каралып, катуу купуялуулук шарттарында изилденет. Зарыл болгондо саясаттардагы потенциалдуу кемчиликтерди жоюу жана мүмкүн болуучу бузуулардын алдын алуу үчүн дисциплинардык жана түзөтүүчү чаралар көрүлөт. Белгилүү бир бузууларда компания иликтөө жана жоопкерчиликке тартуу үчүн тиешелүү мамлекеттик же жөнгө салуучу органдарга көмөктөшүүсү керек. Menarini бөлүгү катары, биз өзүбүздүн алдыбызда, кесиптештерибиздин алдында жана компаниянын алдында сапаттуу өндүрүмдү жоопкерчиликтүү жана ишенимдүү жеткирүүчү катары, анын беделин сактоо үчүн жоопкерчилик тартабыз.






07 - ЖҮРҮМ-ТУРУМ КОДЕКСИН БУЗУУ ЖӨНҮНДӨ БИЛДИРҮҮ (КОРПОРАТИВДИК МААЛЫМДОО САЯСАТЫ)
ЖҮРҮМ-ТУРУМ КОДЕКСИ

## Тартипке чакыруу чарасы

Menarini ар бир жетекчиден, кызматкерден жана иштиктүү өнөктөштөн талаптагыдай этикалык жүрүм-турумду күтөт, ошондуктан бардык Катышуучулар ушул Кодексти сакташы керек. Колдонуудагы мыйзамдарды же ушул Кодексти бардык бузуу тиешелүү тартипке чакыруу чарасына алып келет. Бузуунун олуттуулугуна же жыштыгына жараша оозеки же жазуу түрүндөгү сөгүш, кызматтан четтетүү, тартипке чакыруучу сыноо мөөнөтү, акчалай айып жана/же  Menarini менен эмгек мамилелерин токтотуу колдонулушу мүмкүн. Мындан тышкары, ушул Кодексти, Menarini саясаттарын жана эрежелерин сактабоо кызматкерди кызматынан жогорулатууда жана сыйлоодо, анын ичинде иштин жыйынтыктары боюнча колдоо же сыйлоодо эске алынышы мүмкүн. Үчүнчү жактарга токтолсок, башка атайын жоболорго ылайык бузуулардын олуттуулугуна жараша келишимде каралган санкциялар колдонулушу мүмкүн.



## Өч алуудан коргоо

Menarini компаниясында мыйзамды, Кодексти жана башка саясатты жана жол-жоболорду бузууга байланыштуу туура маалымат берген адамга карата терс иш-аракеттер колдонулбашы керек. Укук бузуулар жөнүндө билдирген адамдарды куугунтуктоого жол берилбейт. Терс иш-аракеттерди жасаган же жасоого аракет кылган адамдар жазаланат. Куугунтуктоо курмандыктары бул тууралуу токтоосуз түрдө өзүнүн түз жетекчисине, кадрлар бөлүмүнө же комплаенс бөлүмүнө төмөндөгү электрондук почтага билдириши керек: globalcompliance@menarini.com.
Эсиңизде болсун, Menarini атайлап жалган маалымат билдирген адамга каршы тартипке чакыруу, ошондой эле буга адилетсиз тартылгандарды коргоо чараларын көрөт.

# 08

# БАЙЛАНЫШ МААЛЫМАТ







## Байланыш маалымат

Бузуулар жөнүндө натыйжалуу маалымдоого мүмкүнчүлүк түзгөн атайын байланыш каналдары:

- *Website*
- Борбордук комплаенс бөлүм: **globalcompliance@menarini.com**

Эгерде сизде суроолор болсо же Кодекске байланыштуу кандайдыр бир түшүндүрмөлөр зарыл болсо, кайрылыңыз:

- өзүңүздүн түз жетекчиңизге
- кадрлар бөлүмүнө
- комплаенс бөлүмүнө

Монополияга каршы мыйзамдарга же жеке маалыматтарды коргоого байланыштуу көйгөйлөр жөнүндө төмөндөгү электрондук почта дарегине анонимдүү билдирүүгө болот: **compliance.menarini@legalmail.it.**

Ethical vision,
Integrity in action

MENARINI
group